# Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуунун планы



МАКУЛДАШЫЛДЫ
Райондук билим берүү
бөлүмүнүн башчысы
________ С.Абдылдаев
«___»________2022-жыл

БЕКИТИЛДИ
Абдылда Кайдуев атындагы
№11 Көөчү орто мектебинин
педагогикалык кеңешинде
«___»__________2022-жыл
мектеп директору_______М.Ашырова

МАКУЛДАШЫЛДЫ
Талды-Суу айыл
аймагынын башчысы
________ Д.Качаганов
«___»__________2022-жыл

*А.Кайдуев атындагы №11 Көөчү жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2022-2023-окуу жылына*

# Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуунун планы

## Миссиясы:

**Мектеп ата-энелер,жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта санариптик билим берүү менен окутууну жана тарбия берүүнү окуучу жаштарды руханий адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясынын негизинде инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт жана инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт.**

**Дареги: Көөчү айылы**
**Кайдуев көчөсү №37**
**Телефону:____________**
**Факс: __________ __**
**Email: abduldakaiduev@gmail.com**

# МАКСАТЫ:

1. Инновациялык технологияларды колдонуу менен ЖРТ, «Алтын тамга», кызыл күбөлүк олимпиадага даярдоо менен областтык, республикалык денгээлде орундарды камсыз кылуу жана окуу процессинде окутуунун натыйжалуу усулдарын өздөштүрүүгө ыңгайлуу шарт түзүү менен билим сапатын 3 % га көтөрүү

2. Окуучу жаштарды руханий адеп- ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясын ишке ашыруу;

3. Автордук программа менен иштеген мугалимдердин ишин жандандыруу.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарына ылайык иш алып баруу

**Абдылда Кайдуев атындагы №11 Көөчү жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023- окуу жылында төмөндөгүдөй көйгөйлөрдүн үстүндө иш алып барат**

- **Билим сапатынын акыркы 3 жылда бирдей көрсөткүчтө турушу;**
- **Артыкчылык аттестатка жетүү боюнча иш-чаралардын төмөндүгү, ЖРТнын жыйынтыгында жогорку көрсөткүчтү берген окуучунун жоктугу, областтык , республикалык предметтик олимпиадага окуучулардын катышуусунун төмөндүгү;**
- **Ата- энелердин мектепке тартылышынын төмөндүгү;**
- **Мугалимдердин санариптик окууда ар кандай программаларды колдонууну толук өздөштүрө албашы;**
- **Материалдык- техникалык базанын жетишсиздиги**

А.Кайдуев атындагы №11 Көөчү орто мектебинин
2022-2023-окуу жылына карата милдеттери

| **Милдеттер** | **Күтүлүүчү натыйжа** |
|---|---|
| Окуу процессинде окутуунун натыйжалуу усулдарын өздөштүрүүгө ыңгайлуу шарт түзүү менен билим сапатын 3% көтөрүү | -Мектептин өнүгүү планы түзүлөт;<br>-Билим берүү министрлигинин буйругунун негизинде окуу планы бекитилет;<br>-Мугалимдердин өндүрүштүк пландары түзүлөт;<br>-Окуучулардын окууга болгон жөндөмү аныкталат;<br>-Окуучулардын билим деңгээли аныкталып турат;<br>Мугалимдер жаңы ыкмаларды колдонуу менен сабак өтүүгө аракет жасашат; |
| Мугалимдердин мезгилдин талабына ылайык «Санарип мугалим » болуусуна өбөлгө түзүү, маалымат булактарын колдонуу менен иш алып баруусун системалаштыруу | -«Lib.kg» , Балажан, «ibilim» , «Bilim bulagu» сайттарын колдонуу менен күндөлүк планды пландайт;<br>-Bandicam , freecam , inshot , XRecorder, Kinemaster, Power point программаларын пайдалануу менен видеосабактарды даярдашып, сабактарда колдонот.<br>-Мугалимдердин чыгармачылык менен изденип иш алып баруусу жанданат;<br>-Мугалимдер окуучуларды олимпиада, артыкчылык аттестат, кызыл күбөлүккө, ЖРТдан жогорку балл алууга план түзүп,пландын негизинде иш алып барат жана интернет булактарын пайдаланышат.<br>-Ар кандай декаларды өтүшөт;<br>-Мугалимдер чыгармачылык менен изденип иштешет;<br>-Класс жетекчилердин иштери жандандырылат.<br>-Жыл бою жакшы иштеген мугалимдер сыйланат.<br>-Ар кандай семинар- тренингдер өткөрүлөт; |
| Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарынын ишке ашырылышы | -Окуучу жаштарды руханий адеп- ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясынын негизинде иш алып барылат<br>-Окуучулардын социалдык абалы иликтенет;<br>-Чыгармачылык лаборатория уюштурулат;<br>Кесиптик билим берүү боюнча иштер кенейтилет;<br>-Окуучулар катышкан ийримдер ачылат;<br>-Сынактар, класстан тышкаркы иш чаралар, конкурстар,КВН, сынактар, интеллектуалдык оюндар уюштурулат;<br>-Өзүн- өзү башкаруу уюмунун иши жандандырылат;<br>- Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарынын негизинде иш пландар иштелип чыгат;<br>-Пландын негизинде иштер аткарылат. |
| Ата-энелер менен иш алып баруу | -Ата-энелер чогулуштары өтүлүп турат;<br>- Ата –эне университетинин» иши жандандырылат<br>-Байланыш дептерлер ачылат;<br>-Келишимдер түзүлөт;<br>-Ата- энелер сабактарга келип катышышат;<br>«Ата-энелер университети» программасынын иши жандандырылат. |
| Материалдык-техникалык базаны жаңыртуу | -Каражаттарды жаңыртууга, мектептин ремонтуна инвестиция, демөөрчүлөр, коомчулук, ата- энелер,долбоорлор тартылат. |